Ош мамлекеттик университетинин Филология жана маданият аралык коммуникациялар институтунун чет тилдер бөлүмүнүн магистратурасынын кезектеги жыйыны

№5 ПРОТОКОЛУнан көчүрмө

29.03.2025.

Катышуучулар: Магистратуранын программа жетекчилери, окутуучулар, жумуш берүүчүлөр, ата-энелер, магистранттар.

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:

1. 550300 “Филологиялык Билим Берүү” жана 531000 “Филология” багыттары боюнча даярдалган НББПны талкуулоо, ОНду (окутуу натыйжаларын) дал келиши боюнча талкуу уюштуруу.

Бул маселе боюнча чет тилдер бөлүмүнүн магистратура башчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент Х.Абдрахманова сөз сүйлөдү. Ал өз кебинде магистратуранын программасына коюлган талаптар менен милдеттенмелерди айтып өттү. Андан тышкары факультеттин окутуучулар жамаатынын бул боюнча жүргүзүп жаткан иштери тууралуу да кеп кылды. 2024-25 окуу жылында Эксперименталдык Окуу план менен иш алып барылып жатканын айтып, бул багытта окутулган предметтер боюнча кыйла өзгөрүүлөр болгонун эскертти. НББПнын максаты, Окутуу натыйжалардын аткарылышы жана анын компетенциялары тууралуу баяндап өттү. Факультеттеги 2 багыт боюнча (531000 “Филология”, 550300 “Филологиялык билим берүү”) НББПлардын кайрадан каралып чыккандыгын эскертип, аны талкуулап, НББП менен ОНдун дал келүүсү боюнча пикирлерди айтууну сунуштады.

Жарыш сөзгө чыккандар:

531000 Филология багытынын жетекчиси, доцент Кабылов Т.Б. өз сөзүндө программанын максаты, мазмуну жана структурасы билим берүү программасында каралган окуу натыйжаларына (ОН) толук ылайык келерин белгиледи. Анын айтымында, программа илимий негизде түзүлүп, логикалык ырааттуулук сакталган жана магистранттардын теориялык билимдерин тереңдетүүгө багытталган. Ошондой эле программа магистранттардын илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө, аналитикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга жана кесиптик компетенцияларын жогорулатууга өбөлгө түзөрүн баса белгиледи. Мындан тышкары, программанын мазмуну жана түзүлүшү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына толук жооп берерин жана магистранттарды келечектеги профессионалдык ишмердүүлүккө даярдоого багытталгандыгын белгилеп, программаны окуу процессинде колдонууга сунуштоого толук негиз бар экендигин билдирди.

Доцент Сагындыкова Р.Ж. өз сөзүндө программада каралган темалардын мазмуну, окутуунун колдонулган методдору жана баалоо каражаттары белгиленген окуу натыйжаларына (ОН) жетишүүнү толук камсыз кыларын белгиледи. Анын айтымында, программа логикалык жактан туура түзүлгөн, мазмуну системалуу жана магистранттардын теориялык билимдерин тереңдетүүгө, ошондой эле илимий-изилдөө жана кесиптик компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган. Мындан тышкары, программада колдонулган окутуу жана баалоо формалары заманбап педагогикалык талаптарга ылайык тандалып алынгандыгын жана Кыргыз Республикасынын билим берүү

стандартынын талаптарына толук жооп берерин баса белгиледи. Ушуга байланыштуу, аталган программаны окуу процессинде колдонууга сунуштоого толук негиз бар экендигин билдирди.

Доцент Койлубаева Б.К. магистратура программасынын окуу натыйжалары (ОН) негизги билим берүү программасынын (НББП) талаптарына толук жооп берерин белгиледи. Ал окуу натыйжаларынын мазмуну жана түзүлүшү заманбап билим берүү стандарттарына жана учурдагы илимий-педагогикалык талаптарга ылайык иштелип чыккандыгын баса белгиледи. Ошондой эле, аталган окуу натыйжалары окуу процессинде натыйжалуу колдонулуп жаткандыгын, магистранттардын кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталгандыгын жана аларды ишке ашырууда эч кандай кемчиликтер же карама-каршылыктар байкалбагандыгын билдирди. Мунун негизинде магистратура программасынын окуу натыйжалары талаптарга толук жооп берет жана окуу процессинде колдонууга сунушталарын белгиледи.

Х. Абдрахманова: жогорку берилген маалыматты жана айтылган сунушка добуш берип койсок. Кенешменин катышуучулары бир добуштан макулдугун беришти.

Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, кезектеги кенешинин жыйыны

Токтом кылат:

1. Чет тилдер бөлүмүндөгү 550300 “Филологиялык Билим Берүү” жана 531000 “Филология” багыттары боюнча колдонулуп жаткан НББП толук камдуу, эксперименталдык окуу пландын негизинде даярдалганб анын стандарттарына жооп берүүчү документ болуп саналат.
2. Бул багыттарда колдонулуп жаткан НББПнын окуу натыйжалары (ОН) Эксперименталдык окуу пландын талабына ылайык келет жана анын талаптарына толук жооп берет.

Кенешменин төрайымы: Абдрахманова Х.Т.

Кенешменин катчысы: Исакова М.Т.